ПСИХОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ

Закиров А., Атай кызы Д.

# КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН ИНСАНДЫК САПАТЫН ҮЙ-БҮЛӨЛҮК МАМИЛЕДЕГИ БААЛУУЛУККА КАРАТА КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПСИХОЛОГИЯСЫ

Закиров А., Атай кызы Д.

# ПСИХОЛОГИЯ ФОРМИРОВАНИЯ КАЧЕСТВА ЛИЧНОСТИ ПО ОТНОШЕНИЮ К ЦЕННОСТИ В СЕМЕЙНЫХ ОТНОШЕНИЯХ УЧАЩИХСЯ МЛАДШИХ КЛАССОВ

Zakirov A., Atai kyzy D.

# PSYCHOLOGY OF PERSONALITY QUALITY FORMATION IN RELATION TO VALUE IN FAMILY RELATIONSHIPS OF ELEMENTARY SCHOOL STUDENTS

УДК: 159.922.7

Изилдөөнүн максаты, кыргыз улутуна таандык болгон үй-бүлөлүк каада-салттын, үрп-адаттын, адеп-ахлактык маданияттын баалуулуктарынын атадан бала өтүүдөгү санжырасын, үй-бүлөлүк мамиленин баалуулугуна карата азыркы күндөгү абалына психологиялык анализ берүү. Үй-бүлөлүк мамиленин «баалуулук» категориясына таянуу менен, балдарды курчап турган чындыктагы кубулуштардын же объектилердин оң же терс маанисине карата балдардын үй-бүлөлүк мамилесиндеги баалууктарды таануу абалдары, жагдайлары изилденди. Мындай иш-аракетке баа берүүнүн мааниси: жүрүм-турум, максат, идеал жана жалпы кабыл алынган нормаларга карата мамиленин идеясын чагылдыруунун эрежелери, норматиптери, адамдын жашоосундагы баалуулуктары анализге алынды. Эгерде ушул теорияларга таяна турган болсок, тарбия багытындагы ата-эненин балдарга карата болгон мамилелери чындыкты чагылдыруудагы негизги факторлор боло ала тургандыгы аныкталды. Тарбияны ушул тегиздиктен ала турган болсок, кенже мектеп жашындагы балдарды улуттук нарк-насылдуу баалуулуктар менен камсыздоого боло тургандыгын белгилөөгө болот.

Негизги сөздөр: үй-бүлө, салт-сана, үрп-адат, маданият, мамиле, психика, баалуулук, идея, “бала-центризм”, трансформация.

Цель исследования – проанализировать генеалогию семейных традиций, обычаев и ценностей нравственной культуры, принадлежащих кыргызскому народу от отца к сыну и значение семейных отношений сегодня. Опираясь на «ценностную» категорию семейных отношений, изучались состояния и обстоятельства признания ценностей в семейных отношениях детей в связи с положительным или отрицательным значением явлений или предметов окружающих детей действительности. Смысл оценки такой деятельности: анализировались правила, нормы и ценности человеческой жизни. Если опираться на эти теории, то установлено, что отношение родителей к детям в сфере образования может быть основным фактором отражения действительности. Если брать образование с этого уровня, то можно отметить, что детям младшего школьного возраста можно обеспечить национальные ценности семейных отношений.

Ключевые слова: семья, традиция, обычаи, культура, отношения, психика, ценности, идея, «дето-центрированность», трансформация.

The purpose of the study is to provide a psychological analysis of the genealogy of family traditions, customs, and values of moral culture belonging to the Kyrgyz nation from father to child, and the value of family relationships. Relying on the "value" category of family relationship, the states and circumstances of recognition of values in the family relationship of children in relation to the positive or negative meaning of the phenomena or objects in the reality surrounding children were studied. The meaning of evaluating such activity: the rules, norms and values of human life were analyzed. If we rely on these theories, it was established that parent's attitudes towards children in the field of education can be the main factors in

reflecting reality. If we take education from this level, it can be noted that children of junior school age can be provided with national values.

Key words. family, tradition, customs, culture, relationship, psyche, value, idea, "child-centeredness", transformation.

Бүгүнкү күндө, Кыргыз Республикасында билим берүүнүн артыкчылыктуу милдеттеринин бири, үй-бүлөгө мамиленин баалуулуктарын калыптандыруу маселеси. Негизги милдет – салттуу адеп-ахлактык баалуулуктарды карманган, тынчтыкта жашай алган, заманбап билимге жана шыктарга ээ болгон жаш муундардын инсандык сапатын калыптандыруу.

Ал эми кенже мектеп окуучулардын инсандыгын адептүүлүк жактан өнүктүрүү, мектептик билим берүүнүн эң маанилүү компоненттеринин бири болуп саналат. Руханий-адептик тарбиялоо концепциясында инсандын адеп-ахлактык өнүгүүсү, салттуу нормалардын жана моралдык идеалдардын негизинде социалдашуу процесси катары ишке ашырылып келе жатат.

Кенже мектеп курагында балдар жарандык, руханий, адеп-ахлактык, эмоционалдык жана баалуулук тарбияны эң жакшы кабыл алышат. Илимде, бала кезинде башынан өткөн жана үйрөнгөн нерсе психологиялык жактан чоң туруктуулук менен мүнөздөлөт. Кыргыз маданиятында “ Куш уясында эмнени көрсө, учканда ошону алат” деген макалга дал келет.

Ушул тегиздиктен алганда үй-бүлө ар дайым адамдын баалуулук түшүнүгүнүн негизин түзгөн баалоо критерийлеринин эң маанилүү булагы. Ошентип, коомдук мааниге ээ болгон баалуулуктарды кайра жаратууну камсыз кылуу, ата-эненин, мугалим – тарбиячылардын приоритеттүү багыттары. Үй-бүлөнүн баалуулуктар системасы институт катары балдардын инсандык өнүгүүсүнө таасир этүүчү тарбиялык потенциалга ээ. Үй-бүлөдө терс таасирлерге каршы турууга мүмкүндүк берүүчү баалуулуктар системасы дайыма жашап келет. Ошол үзгүлтүктөрдү, башка маалыматтардан бөлүп таануу, биздин изилдөөбүздүн негизги багытын түзөт.

Кыргызстанда үй-бүлөлүк баалуулуктардын трансформациясы батыш маданиятынын цивилизациясына кабылып, анын натыйжасында үй-бүлөдөгү мамилелер жөнүндөгү түшүнүктөр өзгөрүп, улуттук баалуулуктар жоголуп, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ролдук мамилелери өзгөрүп, ата-эненин статусу төмөндөп бара жатат. Натыйжада үй-бүлөнүн азыркы абалын кризис катары бааласа болот. Мунун кесепети ажырашуулардын, никесиз төрөлгөн балдардын санынын көбөйүшү, социалдык жетимдиктин жайылышы менен байкалууда. Инсандар аралык мамилелердин өбөлгө түзүлүшү, жубайлардын ажырашуусуна жана ата-энеликтин баштапкы маанисин жоготуусуна себеп болот. Эгерде мурда балдар улууларга баш ийбестикти көрсөтсө, азыр ата-энелердин түздөн-түз милдеттеринен баш тартып, тарбиялык функцияларды аткарууну каалабагандыгынын натыйжасында, балдарда үй-бүлөлүк баалууктар сакталбай, ата-эненин балага карата болгон тарбиясынын баасы жоголуп бара жатат. Ошондуктан балдардын дүйнө таанымында да карама-каршы баалуулуктардын бар экендигин, социологдор “клан”, “никелешүү”, “тууганчылык” деген түшүнүктөрдүн деградациясын белгилешет.

Бул учурда эволюциялык мамиленин өкүлдөрү, болуп жаткан өзгөрүүлөрдү, салттуу үй-бүлөдөн заманбап үй-бүлөгө табигый өтүү менен түшүндүрүү, Ж.Пиаженин теориясындагы “бала-центризм” күчөгөндүктөн, ата-энелик мамилелер, үй-бүлөлүк мамилелерге орун бошотуп жатат. Бул үй-бүлө модели көпчүлүк Европа өлкөлөрүндө жашап жаткандыктан бул баалуулуктар акырындык менен биздин улуттук маданиятка дагы өтүп кетүүдө.

2008-жылы Кыргыз Республикасында “Үй-бүлө жылы” деп жарыялангандан бери жогорку көйгөйлөргө кеңири көңүл бурула баштады. Натыйжада үй-бүлөнүн тарбиялык функциясынын сапаттык көрсөткүчтөрүнө көңүл буруунун зарылдыгы белгиленди. Башкача айтканда, калктын санын көбөйтүүгө эмес, үй-бүлөнүн руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктарын өнүктүрүүгө көңүл бурулууда.

Ошондуктан заманбап жашоонун тездетилген темпи, жашоонун социалдык чөйрөсүндөгү жагымсыз тенденциялар, баарлашуу маданиятынын төмөндүгү, мамилелерде моралдык-этикалык нормалардын жоктугу, үй-бүлөлүк мамилелердин бузулушуна алып келүүдө. Мунун баары баланын инсандыгын тарбиялоого жана калыптандырууга терс таасирин тийгизип келет.

Эгерде, психологиялык-педагогикалык адабияттарды жана мектептен тышкаркы иш-чараларда кенже мектеп окуучуларында үй-бүлөгө таандык болгон баалуулук мамилесин

калыптандыруу проблемасы жөнүндөгү изилдөөлөргө талдоо жүргүзө турган болсок, бул жааттагы заманбап талаптарды изилдеп, төмөнкү карама-каршылыктарды аныктай алабыз:

1) мектеп окуучуларынын арасында үй-бүлөгө баалуулук мамилесин калыптандырууга коомдун суроо-талаптары жана бул талаптарды ишке ашырууга билим берүү мекемелеринин жетишсиз болуп жаткандыгы;

2) мектептен тышкаркы иш процессинде кенже мектеп окуучуларында үй-бүлөлүк баалуулукка негизделген мамилени калыптандыруунун зарылчылыгы менен аны калыптандыруунун теориялык негиздеринин жана дидактикалык каражаттарынын жетишсиз өнүгүшү;

3) класстан тышкаркы иштердин олуттуу потенциалы менен методикалык камсыздоонун жетишсиздиги.

Бул изилдөөнүн актуалдуулугу жогоруда айтылган карама-каршылыктарды чечүү зарылдыгын бекемдейт, ошондой эле изилдөө проблемасын аныктайт: Үй-бүлөлүк баалуулукка негизделген мамилени калыптандыруунун моделин жана мазмунун түзөт.

Талкуунун жыйынтыктары: Кенже мектеп окуучулары үчүн билим берүү жана социалдаштыруу программасында үй-бүлө эң маанилүү баалуулук болуп саналат. Үй-бүлө социалдык институт катары бала менен коомдун ортосундагы аларды байланыштыруучу звено. Ата-эненин жалпы маданияты, үй-бүлөнүн олуттуу көрсөтмөлөрү, аларды урпактарга өткөрүп берүү жөндөмдүүлүгү жана каалоосу баланын руханий жана адеп-ахлактык тарбиясынын негизи боло ала тургандыгын, ушул багытта иштеген бир катар илимпоз психологдордун эмгектеринен учуратабыз.

Алсак, үй-бүлөлүк баалуулуктардын динамикасын С.Л. Вершловский [3], И.С. Кондун [8], үй-бүлөнүн баалуулуктары жөнүндө жалпыланган жана тереңдетилген идеяларды Л.С. Выгодский [5], изилдөөлөрүндө орун алган. Бул окумуштуулардын айтымында, үй-бүлө коомдун баалуулукка негизделген бөлүгү катары иш алып барат, ал эми адам үй-бүлөнүн бир бөлүгү катары бул дүйнөнүн баалуулуктарын жетектейт. Адамдын жүрүм-турумунда чагылдырылган мамилелерге, ишенимдерге, артыкчылыктарга карата үй-бүлөлүк мамиленин багыттарын негиздешкен. Бул учурда адамдар материалдык жана руханий дүйнөнүн баалуулуктарына тандалма мамиле кыла башташат.

Философтор «баалуулук» категориясын адам үчүн оң жана терс мааниге ээ болгон дүйнөнүн социалдык объектиси катары түшүнүшөт. Адамдын предметтик же социалдык чөйрөдөгү ишмердүүлүгүнүн багыты анын баалуулугу катары саналат. Башкача айтканда, баалуулук, адамдардын реалдуулукка, курчап турган дүйнөгө болгон мамиленин көрүнүшү катары бааланат.

Ал эми чоң орус энциклопедиясында [2] «баалуулук» категориясы «курчап турган чындыктагы кубулуштардын же объектилердин оң же терс мааниси» катары каралат. Бул чындык, балдарды адам ишмердүүлүгүнүн чөйрөсүнө тартууну чагылдырат. Бул иш-аракеттин баа берүү мааниси жүрүм-турум, максат, идеал жана жалпы кабыл алынган нормаларга карата мамиленин нормасынын идеясын чагылдырат. Эгерде ушул теорияларга таяна турган болсок, тарбия багытындагы ата-эненин балдарга карата болгон мамилелери чындыкты чагылдыруудагы негизги факторлор боло алышат. Тарбияны ушул тегиздиктен ала турган болсок, кенже мектеп жашындагы балдарды улуттук нарк-насылдуу баалуулуктар менен камсыздоого боло тургандыгын белгилейбиз.

Ушул эле идеяларды экинчи дагы бир катар психологдор Н. Бердяев [1], В.А. Караковский [7], руханий дөөлөттөр коомдук турмуштан жана анын баалуулуктарынан жогору турат жана ар бир маданият, башкасынан анын өкүлдөрүнүн жүрүм-турумун аныктаган баалуулуктардын жыйындысы менен айырмаланат деп ырастайт. Ал адамдык өнүгүүнү, жашоонун сапатын, жашоонун өзү баалуу жана өзүнөн-өзү жасалган жолду эң жогорку деңгээлдеги баалуулуктар деп атышкан.

В.А. Караковский [7] сегиз жалпы адамзаттык баалуулуктарды аныктаган: мында жер жалпы адамдардын үйүндөй бааланса; адам туулуп өскөн жер анын мекени катары бааланат; бардык нерсеге урмат-сый сиңирилген үй-бүлө катары каралат; эмгек адам жашоосунун негизи катары бааланат; адеп-ахлактык, баалуулуктун билими катары; маданият, топтолгон материалдык жана рухий байлык катары; тынчтык, ынтымак катары, жер жана адамзат жашоонун эң маанилүү шарты катары; адамды шартсыз баалуулук катары кароого болот. Мындай баалуулуктар, бизге башка адамдар менен өз ара мамиле түзүүдө колдонула турган принциптерди жана эрежелерди түзүүгө мүмкүндүк бере тургандыгын негиздешкен.

Эгерде бул изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына таяна турган болсок, үй-бүлөдө адам дайыма физикалык, психологиялык, интеллектуалдык жактан калыптанган жана өзүнүн көптөгөн

муктаждыктарын канааттандырган адамдар болушат. Үй-бүлөдө адеп-ахлактык, руханий принциптер калыптана баштайт, анын келечектеги бактылуу же бактысыздыгынын булактары адамга ачылып, баланын инсандык сапаттары калыптана баштайт. Үй-бүлөдө ал сүйүүгө, ишенүүгө, жакындарына кам көрүүгө, адамдар, дүйнө жана өзү менен мамиле түзүүгө үйрөнөт. Ошондо үй-бүлө балдар жана чоңдор үчүн психикалык жана эмоционалдык тынчтыкты жаратып турат.


Үй-бүлө өз уруусунун жана бүтүндөй элдин үрп-адатын сактоочу булак болуп чыга келет. Ошондой эле өзүнүн жеке салттарын белгилейт. Үй-бүлө салттары, муундан-муунга өтүп келе жаткан ченемдер, жүрүм-турум үлгүлөрү, үрп-адаттарды жана мамилелерди жаратат. Үй-бүлөлүк салттар үй-бүлө ичиндеги өз ара аракеттенүүнүн мыйзамдарын кийинки муундарга берүү механизминин фунциясын аткарат: үй-бүлөлүк жашоонун бардык чөйрөлөрүндө ролдорду бөлүштүрө билүү, баарлашуу маданиятын кабыл алуу жана пайда болгон көйгөйлөрдү жеңүү, ж.б. жумуштарды аткарууга жетишет.

Үй-бүлөнүн баалуулугу ар бир адамга анын баалуулуктарын индивидуалдык тандоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу менен ага болгон жеке мамиле аркылуу көрүнөт. Бул үй-бүлөлүк жашоонун социалдык нормалары катары үй-бүлөлүк артыкчылыктарды тандоо мүмкүнчүлүгүн көрсөтөт. О.И. Волжина [4] «үй-бүлөнүн идеалдуу реалдуулук деңгээлиндеги баалуулугу анын социалдык мааниси менен салыштырылат» деп эсептейт.

Жогорку алынган теориялык үй-бүлө мамилесине жараша кенже мектеп жашындагы балдардын азыркы учурдагы деңгээлин изилдөө максатында, М.В. Мартыновдун «Үй-бүлөлүк баалуулуктар» методикаларын колдонуу менен аң-сезимдүү жана аң-сезимсиз мамилелерди аныктоого жана ата-энелердин үй-бүлөгө болгон мамилесин аныктоого мүмкүндүк берген төмөндөгүдөй жыйынтык алдык. Аны биз изилдөөнүн 1-диаграммасынан көрөбүз.


Изилдөөнүн натыйжасы төмөнкүдөй жыйынтык алып келди. Эксперименталдык топто 12% (3 окуучу) атасына, апасына жана бүтүндөй үй-бүлөсүнө оң көз караште, ал эми көзөмөл тобунда 8% (2 окуучу) бар. Нейтралдуу мамилени эксперименталдык топто 36% (9 мектеп окуучусу) жана контролдоо тобунда 28% (7 окуучу) байкашкан. Эксперименттик класста 13 окуучу, бул 52% ата-энеге, үй-бүлөгө терс көз караште, ал эми контролдук класста 16 окуучу, бул 64%ды түздү.

Жалпысынан диагностика көрсөткөндөй, 50 окуучунун ичинен 5 окуучу атасына да, энесине да сый мамиледе экенин көрсөттү. Орточо деңгээл (башкача айтканда, сылык, мамиле ата-энесинин бирөөсүнө гана көрсөтүлөт) 50 окуучунун 16 сы аныкталды. Төмөнкү деңгээлди 50 окуучунун 27си көрсөтүштү. Калган изилденүүчүлөр орточо мамиледе.




1-сүрөт. Кенже мектеп окуучуларынын ата-энелерине жана үй-бүлөсүнө болгон мамилесинин өнүгүү деңгээлинин диаграммасы.

М.В. Мартыновдун «Үй-бүлө баалуулуктары» методунун максаты, мектеп окуучуларынын үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы өз ара түшүнүшүү, ата-энени урматтоо, кичүү жана улуу балдарга кам көрүү жөнүндө ойлорун аныктоо (2-сүрөт).




2-сүрөт. Кенже мектеп окуучуларынын үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара түшүнүшүү деңгээли.

Бул диагноздун жыйынтыгын талдап көрсөк, алар тууган-уруктун мамилесин түшүнүп, ата-энени урматтап, үй-бүлөнүн кичүү жана улуу мүчөлөрүнө кам көрүп, жаш курагына жараша адеп-ахлак нормаларын, мыйзамдарын жетекчиликке алышарын же албашын билдик. Эксперименталдык топто 4% (1 окуучу) жогорку деңгээл аныкталса, көзөмөл тобунда 8% (2 окуучу) катталган. Орточо деңгээл эксперименталдык топто 16% (4 окуучу) жана контролдук топто 20% (5 окуучу) аныкталган. Бул балдар туугандардын ортосундагы мамилени түшүнүшөт, ата-энесин сыйлашат, бирок үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнө ар дайым урмат көрсөтүшпөйт, жашоодо моралдык-укуктук нормаларды сактоо зарылдыгын түшүнүшөт жана жалпысынан аларды аткарууга аракеттенет.

Биз эксперименталдык топтун 80% (20 окуучу) жана текшерүүчү топтун 72% (18 окуучу) төмөн деңгээлди байкадык. Бул окуучулар үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелерди дайыма эле түшүнө беришпейт, үй-бүлө мүчөлөрүн урматтоо кырдаалдык мүнөзгө ээ, адеп-ахлактын принциптери жана нормалары жөнүндө фрагменттүү түшүнүккө ээ.

Ошентип, биз үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы өз ара түшүнүшүүнүн 50 окуучунун 3төн жогорку деңгээлин, 50 баланын 9да орто эсеп менен, 50 баланын 38де төмөнкү деңгээл табылды.

Маселени чечүү боюнча сунуштар. Ошентип, аныктоо баскычында эксперименталдык жана контролдук класстардагы курамдык элементтер боюнча алынган натыйжалар, кенже мектеп окуучуларында үй-бүлөгө болгон баалуулук мамиленин калыптанышынын төмөн деңгээлин көрсөтүп турат. Ошондуктан ушул сыяктуу кенже мектеп жашындагы балдардын үй-бүлөлүк мамиленин баалуулугун көрсөтүү менен, алардын инсан катары калыптанышын камсыз кылуу багытында тарбиялык мазмундагы «Менин үй-бүлөм – менин байлыгым» аттуу 34 сааттык көлөмдөгү программаны сунуштайбыз.

1-таблица

| № | Сабактын темасы | Сааты | Теория | Практика | Формасы |
|---|---|---|---|---|---|
| | Үй-бүлөлүк баалуулуктар | 5 | 3 | 3 | |
| 1. | Үй-бүлө жана үй-бүлөлүк баалуулуктар деген эмне? | 1 | 0.5 | 0.5 | Тарбиялык маек. |
| 2. | Аталыктын, энеликтин ыйыктыгы | 1 | 0.5 | 0.5 | Мультфильм көрүү. |
| 3. | Улууларды урматтоо менен | 1 | 0.5 | 0.5 | Сүйлөшүү, оюн. |
| 4. | Жаштарга жана улууларга кам көрүү | 1 | 0.5 | 0.5 | Сүрөттөр. |
| 5. | Ар бир күн үчүн этикет | 1 | 1 | 1 | Окуяны баяндап берүү. Оюн. |
| | Үй-бүлө тарыхы | 12 | 3 | 8 | |
| 6. | Генеалогия илими | 1 | 0.5 | 0.5 | Тарбиялык маек. |
| 7. | Аты жана фамилиялары кайдан келген? | 1 | 0.5 | 0.5 | Сүрөттөр. |
| 8. | Төрөлдү - эл менен тууган болуп калды | 1 | 0.5 | 1 | Окуяны баяндап берүү. Оюн. |
| 9. | Үй-бүлөлүк альбом | 1 | 0.5 | 1 | Сүрөттөр. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 10. | Биздин үй-бүлөдөгү кесиптер | 1 | 0 | 1 | Сүйлөшүү. |
| 11. | Менин үй-бүлөмдүн герби | 2 | 0 | 1 | Фотоконкурс. |
| 12. | Үй-бүлөлүк уламыштар жана салттар | 2 | 0.5 | 1 | Окуяны баяндап берүү. Оюн. |
| 13. | Үй-бүлө дарагы | 2 | 0.5 | 1 | Сүйлөшүү. Оюн. |
| 14. | Менин үй-бүлөлүк салттарым | 1 | | 1 | Сүйлөшүү. Конкурс. |
| | Биздин аймактын элдеринин салттары | 18 | 5 | 13 | |
| 15. | Менин үй-бүлөлүк салттарым | 2 | 0 | 1 | Экскурсия. |
| 16. | Апам, атам, мен - китеп окуган үй-бүлө | 2 | 0 | 1.5 | Окуяны баяндап берүү. Оюн. |
| 17. | Спорт биздин жашообузда | 2 | 0,5 | 1.5 | Сүрөттөр. Веб издөө. |
| 18. | Менин үй-бүлөмдүн ашканасы | 2 | 0.5 | 1.5 | Сүйлөшүү. |
| 19. | Биздин сүйүктүү ырлар | 2 | 0.5 | 1.5 | Каталог түзүү. |
| 20. | Үй-бүлөлүк майрамдар | 2 | 0.5 | 1.5 | Сүйлөшүү. Сүрөттөр. |
| 21. | Биздин колубузеригүү үчүн эмес | 2 | 0.5 | 1.5 | Үй-бүлө менен балдар үчүн китеп түзүү. |
| 22. | Менин үй-бүлөмдүн саякаттары | 2 | 0.5 | 1.5 | Саякат картасын түзүү. |
| 23. | Үй-бүлөлүк майрам | 2 | 0 | 1.5 | Сценарий түзүү. |
| 24. | Бардыгы: | 34 | 11 | 24 | |

Бул программадан окуучулар эмгекке, жаратылышты сүйүүгө, аяр мамиле жасоого, ата-энесине гана эмес, айланасындагы адамдарга да сый-урмат менен мамиле кылуу, өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша жөндөмдүүлүккө, ишенимдүүлүккө ээ болушат. Мындан тышкары, алар коомдук тажрыйбага ээ болушат. Маанилүүсү анын эмнени билгени жана эстегени эмес, анын башынан өткөргөндөрү мааниге ээ.

Программалык материалды өздөштүрүүнүн натыйжасында окуучулар:

- фамилиялардын жана үй-бүлөлөрдүн келип чыгышы;
- үй-бүлөсүнүн тарыхы, каада-салттары жана үрп-адаттары, өзгөчөлүктөрү, ата-бабалары;
- үй-бүлөлүк баалуулуктар;
- үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери жана укуктары;
- үй-бүлө мүчөлөрү жана чоңдор менен баарлашуу эрежелери;
- сергек жашоо образын сактоо эрежелери ж.б. үйрөнүүгө жетишет.

Сабактардын жыйынтыгында балдар санжыраны түзүү үчүн материал топтошот. Буга долбоорлордун үстүндө иштөө процесси менен таанышуу жардам берет. Балдар баалуу тажрыйбага ээ болуу үчүн өздөрүнүн жеке тажрыйбасы жөнүндө ой жүгүртүүгө аракеттененишкени маанилүү. Сабак учурунда балдар бир нече долбоорлорду даярдашты: «Үй-бүлө дарагы», «Саякат картасы», «Менин үй-бүлөмдүн тамак китеби», «Үй-бүлөлүк майрам календары» ж.б. деген.

Оюн технологиялары үй-бүлөгө баалуулукка негизделген мамилени калыптандырууга өбөлгө түзөрүүнө шегибиз жок. Ошондуктан, мындай иш аракетти дээрлик бардык иш-чараларыбызга киргизсек жакшы болот.

Корутунду. Изилдөөдө илимий-методикалык, психологиялык-педагогикалык адабияттарды талдоого таянуу менен кенже мектеп окуучуларынын үй-бүлөгө болгон баалуулук мамилесин калыптандыруунун мазмуну жана түзүмүн ачууга аракеттер жасалды. Кенже мектеп окуучуларын негизги жана жалпы адамзаттык баалуулуктар, руханий, үй-бүлөлүк салттар менен тааныштырып, социалдык багыттагы иш-аракеттерге жөндөмдүүлүктү өнүктүрүүнүн негизинде эң жогорку баалуулук катары үй-бүлөгө болгон мамилени калыптандыруу боюнча, тарбия процесси жүргүзүлдү.

Изилдөөнүн эксперименталдык бөлүгү Кадамжай шаарындагы «№4 мектеп» муниципалдык бюджеттик мекемесинин базасында жүргүзүлгөн. Ал үч этапты камтыды: аныктоо, калыптандыруу жана контролдоо.

Эксперименттин диагностикалык бөлүгүндө төмөнкү методдор колдонулду: анкета “Мен жана менин үй-бүлөм”, “Менин үй-бүлөмдүн баалуулуктары жана салттары”, “Бүтпөгөн сүйлөмдөр” ыкмасы, “Үй-бүлөлүк баалуулуктар” ыкмасы. Диагностикалык жыйынтыктар боюнча кенже мектеп окуучуларында үй-бүлөгө карата баалуулук мамиленин өнүгүүсүнүн төмөнкү, орто жана жогорку деңгээли аныкталды.

Изилдөөнүн жыйынтыгында кенже мектеп окуучуларында үй-бүлөлүк мамиленин баалуулуктары төмөн болгондуктан балдар үчүн, мектептен тышкаркы иш-чараларда, үй-бүлөгө баалуулук мамилесин калыптандыруунун структуралык-функционалдык модели иштелип чыгып аны ишке киргизүүгө сунуштар берилди.

Адабияттар:


1. Бердяев Н.А.Философия свободного духа; под ред. Н.М.Матвеева. М.: Школьная пресса, 2003. 192 с.
2. Большая российская энциклопедия // Электронный ресурс. URL: https://bigenc.ru/philosophy/text/4674699 (дата обращения 12.05.2017).
3. Вершловский С.Г., Матюшкина М.Д. Изменения в социально-педагогическом портрете выпускника Петербургской школы. // Вопросы образования. 2011. №1. С. 99-113.
4. Волжина О.И. Аксиологическая концепция семьи // Мир образования – образование в мире. 2001. №4. С. 29-46.
5. Выготский Л.С. Вопросы детской психологии. М.: Перспек., 2018. 224 с.
6. Дружинин В.Н. Психология семьи. СПб.: Питер, 2005. 176 с.
7. Караковский В.А., Азарова Г.П., Григорьев Д.В. Школа воспитания: 825 маршрут. М.: Педагогич. общество, 2004. 416 с
8. Кон И.С. Ребёнок и общество. М.: Академия, 2003. 336 с.